КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН АНЫКТАМАСЫ

К. Б. өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2026-жылдын 3-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, Б.А. Кыдыралиева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, К. Б. өтүнүчүн сот отурумунда карап чыкты.

Судья К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, өтүнүчтү жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

2026-жылдын 6-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна К. Б. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 504-беренесинин 6 жана 7-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесине, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 57-беренесинин 1–4-бөлүктөрүнө, 58-беренесине,

61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Талашылып жаткан ченемдер, күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзгөн адамга карата айыптоо өкүмүн чыгарууда судья тарабынан далилдерди талдоо жана аларга баа берүү өкүмдө чагылдырылбай тургандыгын караштырат. Бул учурда мындай өкүмгө иштин материалдарынын сотто изилденбегендигинин негизи боюнча апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн эмес.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, арыз ээсинин кайрылуусуна анын кызы А.К. Б. карата кылмыш ишинин жагдайлары негиз болгон.

2025-жылдын 13-октябрында Жалал-Абад облусунун прокуратурасы менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 337-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмышты жасоого айыпталган А.К. Б. ортосунда анын жактоочусунун катышуусунда күнөөсүн моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн. Ошол эле күнү аталган макулдашуу Жалал-Абад облусунун Манас шаардык сотунун тергөө судьясынын токтому менен бекитилген.

Жалал-Абад облусунун Токтогул райондук сотунун 2026-жылдын 28-январындагы өкүмү менен А.К. Б. өзүнө коюлган кылмышты жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп табылган жана күнөөсүн моюнга алуу жөнүндө түзүлгөн макулдашууну эске алуу менен, ага 3000 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө, башкача айтканда 300 000 сом айып түрүндөгү жаза дайындалган.

Чыгарылган өкүмгө макул болбой, А.К. Б. апелляциялык даттануу менен кайрылган. Жалал-Абад облустук сотунун 2026-жылдын 24-апрелиндеги аныктамасы менен анын апелляциялык даттануусу КЖПКнын 504-беренесинин 7-бөлүгүндө каралган, иштин материалдары сотто изилденбегендигинин негизинде өкүмгө апелляциялык тартипте даттанууга жол берилбестиги жөнүндө жобого шилтеме жасоо менен канааттандыруусуз калтырылган.

КЖПКнын 504-беренесинин 7-бөлүгүнүн ушул эле берененин 6-бөлүгү менен өз ара байланышта конституциялуулугун талашуу менен, арыз ээси өз талаптарын негиздөөдө айыптоо өкүмүндө далилдерди талдоонун жана аларга берилген баанын жоктугу сот чечиминин негиздүүлүгүнө жана жүйөлүүлүгүнө коюлуучу талаптарды төмөндөтөрүн көрсөткөн. Анын пикири боюнча күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуунун түзүлүшү сотту коюлган айыптын негиздүүлүгүнө жана адамдын күнөөлүүлүгүн ырастаган жетиштүү далилдердин бар экендигине ынануу милдетинен бошотпоого тийиш. Анткени айыпталуучунун күнөөнү моюнга алышы гана айыптоо өкүмүн чыгаруу үчүн жетиштүү негиз боло албайт, ал эми өкүмдө далилдерге баа берилбеши кабыл алынган чечимдин иш жүзүндөгү жана укуктук негиздерин аныктоого тоскоолдук кылат.

К. Б. КЖПКнын 504-беренесинин 7-бөлүгүндө белгиленген, иштин материалдары сотто изилденбегендик негиз боюнча өкүмгө апелляциялык даттанууга тыюу салуу соттолгон адамдын өз укуктарын коргоо мүмкүнчүлүктөрүн олуттуу чектей турганын белгилейт. Анын пикири боюнча, мындай чектөө жогору турган сот тарабынан кылмыш ишинин жагдайларын толук текшерүүгө, анын ичинде айыпталуучуга мүмкүн болгон басым көрсөтүүнү жана күнөөсүн моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзүүдө, ошондой эле биринчи инстанциядагы сотто ишти кароодо жол берилген башка мыйзам бузууларды аныктоого тоскоолдук кылат.

Арыз ээси, талашылып жаткан жоболор өз ара байланышта айыптоо өкүмүндө далилдердин талдоосунун жана аларга берилген баанын жоктугу менен иштин материалдарынын сотто изилденбегендигинин негизинде аны апелляциялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгүн чектөө менен айкалышкан укуктук жөнгө салууну түзөт деп ырастайт. Мындай укуктук абал Конституциянын 23-беренесинде, 56-беренесинин 2-бөлүгүндө, 57-беренесинин 1–4-бөлүктөрүндө, 58-беренесинде, 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүндө бекитилген соттук коргоонун, күнөөсүздүк презумпциясынын, сот чечимин жогору турган сотто кайра кароо укугунун,

ошондой эле укуктар менен эркиндиктерди чектөөнүн өлчөмдөштүк принцибинин конституциялык кепилдиктерин бузат.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен К. Б. талашылып жаткан ченемдерди Конституциянын жогоруда көрсөтүлгөн жоболоруна карама-каршы келет деп таануу өтүнөт.

Конституциялык сот К. Б. өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу стадиясында Конституциялык сот арыз ээси тарабынан коюлган маселени конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароо үчүн мыйзамда каралган өбөлгөлөрдүн бар экендигин аныктайт. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 26-беренесине ылайык, белгиленген талаптарга жооп берген кайрылуу ишти кароого себеп болуп саналат, ал эми талашылып жаткан ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде аныкталган күмөндүүлүк ишти кароого негиз болуп эсептелет.

Ушул стадияга карата кайрылуунун предмети жана анын укуктук негиздемеси Конституциялык сот тарабынан чечилүүгө тийиш болгон конституциялык маанидеги маселени аныктоого мүмкүндүк берер-бербеси такталууга тийиш. Өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуу үчүн негиздердин жетиштүүлүгүн баалоо өз алдынча процессуалдык мааниге ээ жана талашылып жаткан жоболорду конституциялык эмес деп таануу жөнүндө талаптын негиздүүлүгүн аныктоону болжолдобойт.

2. К. Б. күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуунун негизинде чыгарылуучу айыптоо өкүмүнүн мазмунун жана ага апелляциялык тартипте даттануунун чектерин жөнгө салуучу КЖПКнын 504-беренесинин 6 жана 7-бөлүктөрүнүн өз ара байланышкан жоболорун талашууда. Арыз ээси текшерүүнүн предметин аныктаган, талашылып жаткан ченемдердин ылайык келүүсүнөн күмөн санаган Конституциянын жоболорун көрсөткөн жана мыйзамда каралган укуктук механизмдин өзгөчөлүктөрүн конституциялык

кепилдиктердин болжолдуу чектелиши менен байланыштырган укуктук жүйөлөрүн баяндаган.

Коюлган маселенин маңызы далилдерди талдоо жана баалоо айыптоо өкүмүндө чагылдырылбаган, ал эми сотто иштин материалдары изилденбегендиги негизинде ага апелляциялык тартипте даттанууга жол берилбеген процессуалдык эрежелердин мындай айкалышы кайрылууда көрсөтүлгөн конституциялык жоболорго шайкеш келер-келбестигинде турат. Ошентип, кайрылуунун предмети мыйзамда белгиленген өзгөчө процессуалдык форманын соттук коргоо, күнөөсүздүк презумпциясы жана сот чечимин жогору турган сот тарабынан кайра кароо кепилдиктери менен болгон өз ара катышы болуп саналат.

Өтүнүчтө келтирилген кылмыш ишинин жагдайлары келип чыккан маселенин практикалык контекстин ачып берет. Ошол эле учурда билдирилген талап КЖПКнын 504-беренесинин 6 жана 7-бөлүктөрүнүн ченемдик мазмунуна жана алардын биргелешип колдонулушунун кесепеттерине багытталган. Мындай талапты чечүү Конституциялык соттун компетенциясына кирет жана А.К. Б. иши боюнча сот актыларынын мыйзамдуулугун текшерүүнү же анын күнөөлүүлүгүнө байланыштуу далилдерди кайрадан баалоону болжолдобойт.

3. Бул учурда конституциялык текшерүү жүргүзүүнүн негизи талашылып жаткан жоболор биргелешип колдонулган шартта күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуунун негизинде иш жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү менен өзүнө карата айыптоо өкүмү чыгарылуучу адамдын конституциялык кепилдиктеринин ортосундагы тийиштүү катыш камсыз кылынабы деген маселени аныктоо зарылдыгында турат.

Бул маселени чечүү үчүн талашылып жаткан ченемдерди тиешелүү жол-жобонун укуктук жөнгө салынышынын тутумунда, анын ичинде макулдашууну түзүүнүн жана аны сот тарабынан текшерүүнүн шарттарын, өкүм чыгарууга коюлган талаптарды жана мыйзамда каралган аны кайра кароо мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен изилдөө талап кылынат. Аталган

элементтердин өз ара кандайча байланышта экендигин жана талашылып жаткан эрежелер колдонулган учурда кандай процессуалдык кепилдиктер сакталып каларын аныктоо маанилүү.

Ошондуктан күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуунун болушунун өзү да, мыйзамда каралган өкүмдүн мазмунунун жана ага даттануунун өзгөчөлүктөрү да коюлган конституциялык-укуктук маселеге берилүүчү жоопту алдын ала аныктабайт. Тиешелүү кепилдиктердин жетиштүүлүгүн баалоо терең талдоону, ишти даярдоону жана ченемдик укуктук жөнгө салууну, ошондой эле тараптардын жүйөлөрүн атаандаштык жана тең укуктуулук шарттарында изилдөө менен ишти маңызы боюнча кароону талап кылат.

Ошентип, кайрылууда КЖПКнын 504-беренесинин 6 жана 7-бөлүктөрүнүн Конституциянын жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндө маселеде конкреттүү күмөндүүлүк аныкталат, аны жоюу конституциялык сот өндүрүшүн жүргүзүүнү талап кылат. Арыз ээси тарабынан келтирилген жүйөлөр өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуу үчүн жетиштүү болуп саналат, ал эми аларга биротоло баа берүү, ошондой эле талашылып жаткан жоболордун конституциялуулугу жөнүндө тыянак чыгаруу ишти кийинки кароонун предметине кирет.

К. Б. өтүнүчү “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19, 21, 26, 27 жана 28-беренелеринин талаптарына жооп берет. Аталган конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинде каралган аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиздер аныкталган жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

А Н Ы К Т А Д Ы:

1. К. Б. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 504-беренесинин 6 жана 7-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесине, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 57-беренесинин 1–4-бөлүктөрүнө, 58-беренесине, 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Ушул аныктама акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ